КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XV-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 08-июль №39 Барскоон айылы

## 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары жана айыл өкмөтүнүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги жөнүндө

2026-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы тууралуу Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковдун отчету угулду жана талкууланды. Натыйжада, 2026-жылдын 1-январынан 30-июнуна чейинки аралыкта Барскоон айыл өкмөтүнүн банктык эсебине 69 538,7 (алтымыш тогуз миллион беш жүз отуз сегиз миң, жети жүз) сом өлчөмүндө акча каражаты келип түшкөн. 30-июнга карата жогоруда белгиленген банктык эсепте турган акча каражаттарынын ичинен 24 838 671,54 (жыйырма төрт миллион сегиз жүз отуз сегиз миң алты жүз жетимиш бир) сом гана пайдаланылган. Факт жүзүндө пландалган 44 700028,46 (кырк төрт миллион жети жүз миң) сом колдонулбаган акча каражатынын калдыгы казынада турат. Толук каржылоо жана эсептерде акчанын иш жүзүндө бар экендигине карабастан, айыл өкмөтү чыгашалардын негизги беренелери, анын ичинде: айыл аймагындагы инфраструктураны жакшыртуу, социалдык обьектилерди ондоо сыяктуу Барскоон айыл аймагын өнүктүрүү программасында каралган жана башка маселелер ишке ашпай калган. Бул жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын укуктук жактан чектөөгө жана аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылбай калышына алып келди.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алып, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. Барскоон айыл аймагынын 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин I жарым жылдыгы үчүн аткарылышы жөнүндө Айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковдун отчету маалымат катары кабыл алынсын.
2. 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышы (анын ичинде чыгаша бөлүгүн өздөштүрүү) боюнча Барскоон айыл өкмөтүнүн иши **канааттандырарлык эмес** деп эсептелсин.

3. Кызматтык милдеттерин тийиштүү түрдө аткарбоого, каражаттарды эсептерде натыйжасыз кармап турууга жана бюджеттин аткарылышын үзгүлтүккө учуратууга жол бергендиги үчүн айыл өкмөтүнүн тиешелүү кызматкерлерине тартиптик жаза чарасын (сөгүш/катуу сөгүш) берүү айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго сунушталсын.
4. Айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылбай калышына жеке жоопкер экендиги эскертилсин жана кетирилген кемчиликтерди толук четтетүү, зарыл болгон тендердик процедураларды өткөрүү жана каражаттарды өз убагында өздөштүрүү үчүн **2026-жылдын 1-августуна чейин мөөнөт** белгиленсин.
5. Айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго белгиленген мөөнөттө бюджеттик каражаттарды өздөштүрүү боюнча чечкиндүү чараларды көрбөгөн учурда, жергиликтүү кеңештин кезектеги сессиясында ага ишеним көрсөтпөө маселеси карала тургандыгы эскертилсин.
6. Бул токтом жана ага тиешелүү материалдар маалымат үчүн Жети-Өгүз районунун мамлекеттик администрация башчысы-аким Э.И.Бахавадиновго жөнөтүлсүн.
7. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
8. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
9. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин бюджет, каржы-экономикалык жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясына (А.Букаровго) тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска